## ФИЛОЛОГИЯ ЖАНА ЛИНГВИСТИКА

# "МАНАС" ЭПОСУНДАГЫ БАКШЫЛЫК ЖАНА АНЫ МЕНЕН БАЙЛАНЫШКАН ЫРЫМДАР

**Абдиева Ж.К.**
*Абдиева Ж.К. – т.и.к., доцент, Талас мамлекеттик университети, Талас ш.*

***Аннотация*** *Макалада кыргыз бакшылыгы жана анын азыркы күндө да сакталып келе жаткан элементтери маалымдалат. Кыргыз бакшылыгы "Манас" эпосунун саптарында, фольклордук, этнографиялык материалдарда чагылдырылып, тарыхый-этнографиялык жактан алып караганда жалпы түрк-монгол тилдүү элдеринин шаманчылыгы менен айкалышып тургандыгы байкалат.*

*Кыргыз бакшылыгынын генезисинин курамына теги жагынан Түштүк Сибирдик, Борбордук Азиялык, Орто Азиялык жана жергиликтүү этникалык элементтер кирген. Бул кыргыз элинин калыптануусунун татаал процессин чагылдырып турат.*

***Ачкыч сөздөр:*** *шаманизм, бакшы, бүбү, бөө, далы көрүүчү, түш жоруучу ж.б.*

## ШАМАНИЗМ В ЭПОСЕ «МАНАС» И СВЯЗАННЫЕ С НИМ ОБРЯДЫ

***Аннотация*** *О широком распространении шаманизма у кыргызов повествовали многие путешественники, представители властных структур Российской империи. По данным средневековых исторических источников шаманизм был основной религией тюркских народов. Исследователи подчеркивают, что шаманизм, возникнув в древности, в течение длительного времени превратился в религию, вобравшую в себя все религиозные действия человека.*

*Происхождение кыргызского шаманизма уходит своими корнями в Южную Сибирь, вобрав в себя в целом центральноазиатские этнические элементы. Это свидетельствует о сложном пути формирования кыргызского народа. Рассмотрение кыргызского шаманизма по данным эпоса «Манас», другим фольклорным и этнографическим материалам свидетельствует при сравнительно-сопоставительном и историко-этнографическом анализе о тесных этногенетических связях с шаманизмом*

*В эпосе «Манас» очень много свидетельств проявлений шаманизма, например, шаманские методы лечения и оздоровления больного, предсказания, гадания и др.*

***Ключевые слова:*** *шаманизм, шаман, предсказание, толкователь снов, шаманские методы лечения, гадания и др.*

## SHAMANISM IN THE EPIC «MANAS» AND ITS ASSOCIATED RITUAIS

***Abstract*** *A wide spread of shamanism in Kyrgyz narrated many travelers, representatives of power structures of the Russian Empire. According to medieval historical sources, shamanism was the major religion of the Turkic peoples. The researchers emphasize that shamanism, originating in antiquity, for a long time has become a religion, which absorbed all the religious actions of man.*

*The origin of the Kyrgyz shamanism has its roots in southern Siberia, absorbed in the whole Central Asian ethnic elements. This illustrates the complex ways of formation of the Kyrgyz people. Consideration of the Kyrgyz shamanism according to the epic "Manas", other folklore and ethnographic materials shows in comparative historical and ethnographic analysis of the close ethno-genetic relations.*

*In the epic "Manas" is very much evidence of the manifestations of shamanism, for example, shamanic methods of treatment and rehabilitation of the patient, predictions, divination, etc.*

***Keywords:*** *shamanism, shaman, prediction, and interpreter of dreams, shamanic therapies, divination, etc.*

Кыргыз, казак, өзбек, кара калпак, түркмөндөрдө «бакшы» делип, монголдордо - «бөө», тунгус-манжур тилдүү ж.б. элдерде «шаман», Саян-Алтайдын түрк тилдүү элдеринде «кам» (кям)деп аталат.Бул терминдердин мааниси бир синонимдеш сөздөр экендигин айтат С.Атаниязов [3. 27 б]. Жогоруда түрк-монгол тилдүү элдердеги аталыштар Сибирди изилдеген орус окумуштуулары жана саякатчылар тарабынан дүйнөлүк адабиятка XVIII кылымдын экинчи жарымынан тартып, жал-

пы кабыл алынган “шаманизм” термини менен кирген. “Шаман” сөзү тунгус-манчжур тилинен алынган[1].

Тан Шу маалыматтарында байыркы кыргыздар шаманды (“кам”) деп аташкандыгы кытай тарыхый булактарында айтылат.

Бакшылык менен байланыштуу түшүнүктөр, көз караштар, бакшылыктын функциялары (ооруларды эмдөө, алдын-ала айтуу ж.б.) байыркы кыргыз турмушундагы баарынан көбүрөөк туруктуу келген көрүнүштөрдүн катарына кирген. Кыргыз элинде бакшылык кеңири тарагандыгын Кыргызстанга келген көптөгөн саякатчылар, жергиликтүү бийликтегилер, айтышкан. Байыркы тарыхый булактарга таянсак, түрк элдеринде жана урууларында шаманчылык диний ишенимдердин негизи болгон.

Шаманизм байыркы мезгилде пайда болуу менен ал көптөгөн мезгил адам коллективинин бардык диний иш-аракеттерин өзүнө камтыган борбордук ишенимден болгон деп билдирет окумуштуу В.Н.Басилов [5, С.10]. Эки сөз менен бакшынын милдеттерин санап коюу мүмкүн эмес. Анын иш-аракети кеңири жана көп түрдүү (жогорку күчтөрдөн жана колдоочу рухтардан шаман өзүнүн уруулаштары үчүн жакшылыктарды ден соолукту, оорунун себебин билип аны айыктыруу жолдорун издеген, жоголгон адамды, малды тапканга жардам кылган, адамдарга келечегин алдын-ала айткан, түшүмдүүлүктү, душмандардан коргонууну, жакшы аба-ырайын суранган.

X кылымда жазылган Абу Марвазинин эмгегинин IX бабынын 4-5 бөлүмүндө кыргыздардын жашаган жерлеринин чек арасы, дини жана үрп-адаттары тууралуу жазылган. Абу-аль Марвазинини маалыматы боюнча кыргыздардын арасында “фагинун ” деп аталган бир жөнөкөй адам бар. Аны жыл сайын белгилүү бир күнү чакырышып, тегерегине ырчы, чоорчу сыяктуулар чогулушуп, тамактана башташат. Качан гана адамдардын көөнү куунак болгондо алиги жөнөкөй адам өз кыймылдарын жасагандан кийин эс учун жоготуп, шалк эте жыгылат. Мындан кийин андан быйылкы жыл кандай болоорун сурашат салттык музыканы ойногондо эстен танып, кайра өзүнө келгенде ал ошол жылы кургакчылык болорун же болбосун, түшүмдүн болоор, болбосун, жамгырдын жаашын, душмандардын кол салуусун, алардан коргонууну, ж.б. алдын-ала болуучу нерселердин баарын айтып берген, алар анын айтканына ишенишкен”, – деп жазат араб жана парс булактарын изилдеген тарыхчы окумуштуу Өмүркул Караев өз эмгегинде [11, 19 б.].

Шаман эркек да, аял да болгон. Кыргыздар аял шаманды “бүбү” эркек шаманды “бакшы” дешкен. Монголдор эркек шамандарды бөө деп аташкан. Байыркы кыргыздар монголдордун “бөө” деген сөзүн төмөндөгүчөкеп арасына кошуп пайдаланган учурлар кездешет: “бакшыга барсаң баа дейт, бүбүгө барсаң бөө дейт”. Ошондой эле бөө деген сөз менен кыргыздар балдарын коркутканын К.К.Юдахин [33, С.153 ] өз эмгегинде практикада пайдаланып жүргөн сөз экенин билдирип, исламдын кириши менен бул термин алмашылгандыгын, азыркы “бүбү” сөзү иран сөзүнөн келип чыгып, убакыттын өтүшү менен “бөө” сөзү “бүбү” болуп өзгөргөндүгүн жазат.

1929-жылы Тоголок Молдо жазып алган кыргыз бакшыларынын көрсөтмөлөрүндө төмөндөгүдөй ооруларды айыктыра тургандыгы айткан: көз, тиш, кол-бут, ашказан, ичеги, шал жана нерв оорулары [28, №77].

Кыргыз элинин “Манас” эпосунда бул оорулардын баары эскерилбейт, бир гана бакшы айыктырган жин оорулары айтылат. Мисалы, Манаста “ажына” деген сөз жолугат. “Ажына моюнга минди деп, Манасым болду жинди деп”. Ажына сөзүнүн К.К.Юдахиндин сөздүгүндө эки мааниси бар: 1.Каардуу дух (злой дух), 2.(ич ажына) өтө оор психикалык оору, ал каардуу духтун (жиндин) ички дүйнөгө кириши [33, С.24].

Адамга жин кирип кетип, ал катуу ооруга чалдыкканда эмдөө менен малга, канаттууларга, куурчакка көчүрүү ыктары кыргыз калкынын арасында да колдонулган. Бирок мындай ыктар шамандар же шаман аялдар тарабынан эмес, ар түрдүү даражадагы эмчи-домчу, жана молдолор тарабынан жасалган деп жазат С.М. Абрамзон [1, 219 б.].

---

[1] **Бакшылык (шаманизм) –** дүйнөдөгү элдердин көбүнө кеңири тарган диндин байыркы формасынан. Табигый көрүнүштөрдүн ээси бар, алар ар түрдүү кырсыктарды алып келет, айрым учурда алар адамдарды колдойт, кээ бир адамдар гана ал күчтөр менен тил табыша алат да алардын аракеттеринен чечкиндүү таасир тийгизет деген ишенимге негизделген. Шаман тунгус-манжур тилдүү элдердеги өзгөчө культтук кызматкерди туюнткан “самань” деген сөздөн.

**Бакшы оюн** (камлание) – бакшылык сеанс; ал өзүнүн жин перилерин чакырып, алардын жардамы менен жабыр тарткан адамга жардам берүүгө аракеттенет.

Шаманизмге тиешелүү элементтерди чогултуп топтоштуруучу мисалдар “Манас” эпосунда кең-кесири кездешет. Эпикалык чыгарма ”Манас” эпосунда “бакшы” жана “бүбү” сөздөрү кезигип, алардын функциясы да чагылдырылат. Мындай эпизодду Манастын төрөлүшүндө бүбү, бакшыдан жардам сурап чакыргандыгы айтылат:

Мени кандай жалмачу бала берди эле! Бакшы менен бүбүдөн, Немесин койбой чакырды. Баканды кармап бакырды, - деп сүрөттөлөт [24, 78 б.] Шаманчылыктын функцияларынын бири эмчилик-дарымчылык экендиги байкалат.

Ал эми бакшылык өнөрдүн же касиеттин болушу Орто Азия, Алтай, Сибирь элдеринде кыйноо, мажбурлоо жолу менен келгендиги, булчөлкөмдөрдө жашаган элдердин түпкү башатында этногенетикалык жана этномаданий байланыштардын болгондугунун далили болуп саналат. Бакшылыктын мажбурлоонун негизинде пайда болушун жана анын маанилүү ролу жөнүндө Л.Я.Штернберг эмгегинде жазган [32, С.142].

“Кыргыздар көп жылдык мажбурлоодон кийин деле эгер ал бакшылык ырым-жырымдарды үйрөнүп бакшылык мектепти бүтпөсө, ал бакшы боло албайт. Бул кыргыздарда “көзүн ачуу” деп аталарын жашоо практикасында байкап жүрөбүз. Көзү ачыла турган адам бакшыга же бүбүгө баргандан кийин гана ал өзүнүн колдоочуларын көрөт, анан ал бакшылыктын практикасынан өтөт. Бул өзбектердин “Фольбинге” баруусу менен окшошот”, – деп маалымдайт А.Л.Троицкая [29, С.145-146]. Ал эми көзү ачыктыкты укум-тукумга калтыруу кыргыздарда гана эмес Орто Азиядагы жана Казакстандагы айрым элдерге да мүнөздүү болгондугун өз эмгегинде С.М.Абрамзон билдирген [2, С.119-220].

Кыргыз фольклорунда шаманчылыктын функцияларынын бири - төлгөчүлүк. Төлгөчү курчап турган айлана-чөйрөнү, жаратылышты, адамдардын кулк-мүнөзүн айрыкча билген, кандайдыр бир буюмдардын, кубулуштардын ж.б. нерселердин, белгилердин жардамы менен алдыда боло турган окуяларды, анын мазмунун алдын-ала чемелеп берүүчү адам. Төлгөнү койдун далысы, таш, таспи (теспе), күзгү, китеп ж.б. жардамы менен тартышат. Койдун далысы менен төлгө тартуучуну далы көрүүчү деп атайт. В.Радловдун вариантында “Соорончу кара далычы” деген сап кезигет.

Далы ачуучу - бул далы менен төлгө ачкан бакшы. Көкөтөйдүн ашына келген далычы: Манасың өлгөн болсо, Алмамбеттей жакшың бар. Ажыбайдай жакшың бар, Соорончу кара далычы, Ол чороң дагы бар, – деп сүрөттөлөт [30, С.116]. Эпостун саптарынан бакшылыктын функцияларынын бири далы ачуу менен алдыда боло турган окуяны айтуу (төлгө ачуу) экендигичагылдырылып жатканын баамдайбыз.

Л.С.Васильев “История религии Востока” деген эмгегинде далыны күйгүзгөндө жарака кетсе, анда жолго чыгуу керек болгон, эгер жарака кетпесе токтотушкан” деген этнографиялык маалыматын берет [7, С.13]. В.Н.Басилов Орто Азиянын жана Казакстандын шаманчылык практикасында койдун далысы менен төлгөачуу, жайчылык кылуу негизинен унутта калып бара жатат деп билдирет [6, 19 б ]. Бирок, бүгүнкү күндө да койдун далысы менен байланышкан ырымдардын калдыктары бар. “Койдун далысын мүлжүгөндөн кийин, анын ортосун бычак менен үч бурчтук формасында кесип коюу керек, себеби далыны ортосунан үч бурчтук түрүндө жара кесип, аны жеп олтурган адам ойлогон оюн, тилегин айтат”, – деп маалымдайт Сасыкулов Доолбек [76 жашта, саруу уруусунун тотук уругунан, К\к-Кашат айылынын тургуну, Талас району]. Койдун далысы менен төлгөө тартуу моңголдордо кенен тарагандыгын Т.М.Михайлов жазат. Мисалы, койдун далысы менен төлгөө тартууну Чыңгыз хан жана анын кийинки муундары пайдаланган. XIX кылымда XX кылымдын башында далы менен төлгөө тартуу бурят, калмак элдеринде кеңири таралгандыгын билдирет [26, С.242-244].

“Манаста” жай таш жөнүндө маалыматтар кең-кесири жолугат. ”Манас” эпосунун “Семетей” бөлүмүндө Кырымдын уулу Мурадылдын жайчылыгы баяндалат. Семетейдин келгенин угуп калмактар чаң-тополонго түшүп калат. Ошондогу жайчы кул Мурадыл буруттарды аттан ажыратып, аларды курутуу максатында жасаган жайчылыгынын эпосто чагылдырылышы:Жай ташты көлгө урду дейт,Жай дубасын күбүрөп, Жайлап карап турду дейт...[31, 1.242 б.].

Жайчылык өнөргө «Манас» эпосундагы оң каарман Алмамбет ээ болгондугу дастанда кенен чагылдырылган. ”Көкөтөйдүн ашында” ат жарышта Манас душмандардын атын алсыратуу үчүн Алмамбеттен аба-ырайын өзгөртүүнү сурайт: Сурданып Алмаң калганы, Сууга жай таш салганы... [21, 150 б.].Ал эми тува эли өзгөчө «чат» деген ташы бар шаманды «чатчы хам» деп аташкан. Бул таштын жардамы менен тува шаманы коркунучтуу кырсыктарды алдын алган экен. Маселен, тувалар күчтүү шамандарды «чат» ташынын жардамы менен душмандарга каршы мөндүрдү, бороон-чапкынды жарата алышат деп түшүнүшкөн. Мындай маанидеги шамандык түшүнүктөрдү кыргыздын “Манас” эпосунан кең-кесири кезиктирүүгө болот [25, 134,104 бб.].

Жыйынтыктап айтсак, этнограф окумуштуу С.М.Абрамзон белгилегендей кыргыз бакшылыгы ар түрдүү диний системалар аралышып кеткен бир түйүн сыяктуу [1, 220 б.].

Кыргыз бакшылыгынын генезисинин курамына теги жагынан Түштүк Сибирдик, Борбордук Азиялык, Орто Азиялык жана жергиликтүү этникалык элементтер кирген. Бул кыргыз элинин калыптануусунун татаал процессин чагылдырып турат.

Кыргыз бакшылыгы “Манас“ эпосунун саптарында, фольклордук, этнографиялык материалдарда чагылдырылып, тарыхый-этнографиялык жактан алып караганда жалпы түрк-монгол тилдүү элдеринин шаманчылыгы менен айкалышып тургандыгы байкалат.

**Пайдаланылган адабияттар тизмеси:**


1. Абрамзон, С.М. Кыргыз жана Кыргызстандын тарыхы боюнча тандалма эмгектер. – Б.. 1999. – 895 б.
2. Абрамзон, С.М. Фольклорные мотивы в киргизских преданиях генеалогического цикла //Фольклор и этнография. Связи фольклора с древними представлениями и обрядами. – 1977.
3. Атаниязов, С Словарь түркменских этнонимов. – Ашхабад, “Гылым”, 1964. – 180 с
4. Баялиева, Т.Д.Религиозные пережитки у киргизов и их преодоление. – Ф., 1981. – 100 с.
5. Басилов, В.Н. Избранники духов. – М., 1984. 207 с.
6. Басилов, В.Н. Культ святых в исламе. – М., 1970. – 146 с.
7. Васильев, Л.С. История религий Востока (религиозно-культурные традиции и общество). – М., 1983.
8. Золотарев, А. Пережитки тотемизма у народов Сибири. – Л.: Наука, 1934. – 5 с.
9. Золотарев, А.М. Родовой строй и первобытная мифология. –М.,1964. –101 с.
10. Зеленин, Д.К. Культ онгонов в Сибири. Пережитки тотемизма в идеологии сибирских народов. – М.-Л.,1936. – С.394-398.
11. Караев, Ө. Арабские и персидские источники IX-XII вв. О киргизах и Киргизии. – Ф.: Илим, 1968. – С.95-97.
12. Караев, Ө. Көөнө түрктөр тарыхы. – Б.: Б-сыз, 1994. – 19 с.
13. Карасаев, Х. Камус наама. “Манас сөздүгү”. – Ф.: Кыргызстан, 1990.
14. Короглы, Х. Мифы, легенды, и предания народов Сибири (к проблемам взаимосвязи) //Фольклорное наследие народов Сибири и Дальнего Востока. – М., 1986. – С.83-101.
15. Кызласов, Л.Р. История Южной Сибири в средние века. – М., 1984. – С.142-146.
16. Короглы, Х. Герой эпоса – шаман //Шаманизм как религия: генезис, реконструкция, традиции. ТДМНК. 15-22 авг. – 1922 г. – Якутск, 1992.
17. Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк. түз.О.К.Каратаев, С.Н.Эралиев. – Б.: Бийиктик, 2005, 600 б.
18. Манас:эпос / Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча. – Ф., 1980. – Б.119-120.
19. Манас:эпос / Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча. – Ф., 1980. – Б.119-120.
20. Манас: энциклопедия / I-II.бөлүк – Б .,1995.
21. Манас: эпос / Сагынбай Орозбак уулунун варианты боюнча. –Ф., 3-китеп.- Ф., 1981. – Б.185-186.
22. Манас: эпос / Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча. –Б., 1995. - 1-китеп. – 180 б.
23. Манас: Эпос. I китеп. Сагынбай Орозбаков варианты боюнча: эпос. – Ф., 1995.
24. Манас: эпос / I китеп, Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. – Ф., 1984.
25. Малов, С.Е. Шаманский камень “яде” у тюрков Западного Китая / С.Е. Малов //СЭ. – 1947. - №1. – С.151-160.
26. Михайлов, Т.М. О шаманизме в Центральной Азии и Южной Сибири // Историко- культурные связи народов Центральной Азии. – 1987. – 232 с.
27. Памятники древнетюркской письменности – Тувы. Вып. 7. 1963. – С.63.
28. Тоголок Молдо. Бакшылардын ыры жана сөздөрү (1929) //Фонд ОРП, инв, № 77.
29. Троицкая, А.Л. Лечение больных изгнанием злых духов (кучурук) среди оседлого населения Түркестана // Бюлл. Среднеаз.гос.универ. – 1925. – Вып.10. – С.145-146.
30. Радлов, В.В. Из Сибири. Страницы дневника / В.В.Радлов. – М.: Наука, 1989. – 749
31. Семетей: эпос /Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. – Ф., 1959. – 242 б.
32. Штернберг, Л.Я. Первобытная религия в свете этнографии. - Л., Наука, 1936. – 330
33. Юдахин, К.К. Киргизско-русский словарь. – Ф.: Кыргызстан, 1985. – 474 с.